# Кыргызстандын суу маселелериндеги ийкемдүүлүгүн арттыруу долбоору - Ноокат Суу суб-долбоору

**Өлкө:** Кыргыз Республикасы

**Долбоордун номери:** 49420

**Иштеген сектору:** Муниципалдык жана экологиялык инфраструктура

**Маалымдоо тиби:** Мамлекеттик

**Экологиялык категориясы:** B

**Кабыл алуу күнү:** 6 октябрь 2020 жыл

**Абалы:** Концепция карап чыгуудан өткөн, акыркы карап чыгуу күтүлүүдө

**Долбоор жөнүндө жалпыланган документ (ДЖД) жарык көргөн күн:**

## Долбоордун сүрөттөмөсү:

Кыргыз Республикасына ("КР" же "Насыя алуучу") мамлекеттик кепилдик боюнча берилүүчү 2,2 миллион еврого чейинки насыя Ноокат Суу Компаниясынын ("Компания") пайдасына Ноокат шаарына ("Шаар") өткөрүлүп берилет. Компания Ноокат шаарына жана ага жакын жайгашкан Фрунзе, Чапаев жана Нойгут айылдарына суу  менен камсыздоо кызматын көрсөтөт.

Каржылоо планы ЕБнин Борбор Азия  боюнча Инвестициялык Фондусунан ("БАИФ") 2 миллион евро өлчөмүндө инвестициялык грантты камтыйт.

Долбоор Ноокат шаарын жана ага жакын жайгашкан Фрунзе, Чапаев, Нойгут жана Арал айылдарын суу менен камсыздоону, анын ичинде суу менен камсыздоо тутумун калыбына келтирүүнү, үй чарбаларына эсептегичтерди орнотууну жана оперативдик жана тейлөө жабдууларын жакшыртууну каржылайт. Инвестициялар таза суунун жеткиликтүүлүгүн кыйла жакшыртууга, суу жоготууну азайтууга, климаттын өзгөрүшүнө туруктуулукту жогорулатууга жана Компаниянын эксплуатациялык чыгымдарын оптималдаштырууга мүмкүндүк бериши күтүлөт.

## Долбоордун максаттары

1. Ноокат шаарынын жана ага жакын жайгашкан Фрунзе, Чапаев, Нойгут жана Арал айылдарынын суу тутумун калыбына келтирүү; жана
2. Компаниянын каржылык жана операциялык башкаруусун жакшыртуу.

## Өткөөл таасири

Божомолдуу өткөөл таасиринин (БӨТ) упайы 70

«Кыргызстандын суу маселелериндеги ийкемдүүлүгүн арттыруу» долбоорунуна (КСИД) ылайык, бул суб-долбоор төмөнкүлөргө салым кошот:

• **Жакшы башкаруу:** стандартташтырылган Коомдук кызмат келишимдерин (ККК) жана Кызыкдар тараптарды катыштыруу программаларын (ККП) киргизүү; жана

• **Атаандаштыкка туруктуулук:** Корпоративдик өнүктүрүү программасын (КӨП) киргизүү, тарифтерди көтөрүү, эсептөөнү жакшыртуу менен төлөмдөрдү жыйноону күчөтүү жана суу тармактарынын ийкемдүүлүгүн арттыруу.

Бул суб-долбоор ошондой эле стандартташтырылган тарифтик методология менен стандартташтырылган  ККК-ларды киргизүүнү камтыган алкактык институционалдык реформага, ошондой эле даректүү социалдык колдоо механизми боюнча сунуштарды иштеп чыгууга көмөктөшөт. Долбоордун атайын КӨПтөрү ушул стандартташтырылган ыкманы ишке ашыруу аркылуу коммерциялаштырууну колдойт.
Божомолдуу өткөөл таасири алкактык ыкмага ылайык 70ти түзөт.

## Кардар жөнүндө маалымат

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНДА
Компания калкынын саны 47000 адамга жакын Ноокат шаарына жана ага жакын жайгашкан Фрунзе, Чапаев жана Нойгут айылдарына (Арал айылы учурда камтыла элек) суу менен камсыз кылуу кызматын көрсөтөт. Шаар калкынын болжол менен 53%, коңшу айылдардын калкынын 17% түтүк менен берилүүчү суу менен камсыз кылынган. Шаарда агынды сууларды чыгаруу тутуму жок.

## ЕРӨБдүн каржылоосу боюнча кыскача маалымат

2200000,00 евро
Кыргыз Республикасына мамлекеттик кепилдик боюнча берилүүчү 2,2 миллион еврого чейинки насыя Компаниянын пайдасына Шаарга өткөрүлүп берилет.

## Долбоордун жалпы наркы
4200000,00 евро

## Экологиялык жана социалдык корутунду.

Долбоор, 2014-жылкы Экологиялык жана Социалдык Саясатка ылайык, В категориясына кирди. Сунуш кылынган Приоритеттүү Инвестициялык Программа (ПИП) техникалык-экономикалык негиздеменин (ТЭН) алкагында көзкарандысыз консультанттар тарабынан Экологиялык жана социалдык шайкештикти текшерүүдөн (ЭСШТ) өттү. ЭСШТ аныктагандай, Долбоорду ишке ашыруу

шаардагы суу менен камсыз кылуу кызматтарынын натыйжалуулугун жана ишенимдүүлүгүн жогорулатуу аркылуу таза ичүүчү сууга жеткиликтүүлүктү кыйла жогорулатат. Курулуш баскычына байланыштуу ар кандай терс таасирлер чектелүү, локалдаштырылган жана убактылуу болот, ошондой эле алдыңкы курулуш тажрыйбаларын колдонуу менен алардын алдын алуу же азайтуу мүмкүн болот.

Долбоор шаардагы ичүүчү суунун микробиологиялык сапатын жакшыртуу менен, учурдагы тармактарды жана суу тутумдарын калыбына келтирип, калктын саламаттыгын жакшыртууга салым кошот. Долбоор ишке ашырылып бүткөндөн кийин, суу тутуму модернизацияланып, таза суу менен камсыздалган калктын саны азыркы 10000 адамдан 26000 адамга чейин көбөйөт.

Долбоорду жана Экологиялык жана социалдык иш планын (ЭСИП) жүзөгө ашыруу микробиологиялык булгануу булактарын жок кылуу жана Компаниянын суунун сапатын текшерүү режимин жакшыртуу аркылуу суу менен камсыздоо кызматтарын ЕБнин ичүүчү суу боюнча Директивасынын (98/83/ЕС) талаптарына ылайык келтирет. Долбоор азыркы бар инфраструктурада жүргүзүлөт жана жаңы жерлердин бөлүнүшүн талап кылбайт. Жеткиликтүүлүктү анализдөө жакыр үй-бүлөлөргө суу түтүктөрүнө кошулуу айрым кыйынчылыктарды туудураарын көрсөттү. Бул көйгөй жергиликтүү жамааттын жана Ноокат шаардык мэриясынын каражаттарынын эсебинен жакыр үй-бүлөлөр үчүн суу түтүктөрүнө кошулууну субсидиялоо аркылуу чечилет.

Шайкештикти текшерүү көрсөткөндөй, Компаниянын экологиялык, саламаттык, коопсуздук жана социалдык (ЭСКС) жактан башкаруу жөндөмү начар жана ЭСКС жактан башкаруу тутумдары өнүкпөгөн. Ошондой эле, анын учурдагы эмгекти коргоо, коопсуздукту сактоо жана кызыкдар тараптарды тартуу боюнча иштери ЕРӨБдүн Иштөө Талаптарына (ИТ) ылайык келиши үчүн жакшыртууну талап кылат.

Компаниянын улуттук нормалардын жана ЕРӨБдүн ИТларынын  талаптарына ылайык келишин камсыз кылуу максатында Долбоор үчүн ЭСИП иштелип чыккан жана, алардын каржылык жактан мүмкүн болгондору,  Компания тарабынан бекитилген. ЭСИП Компаниядан өз ишмердүүлүгүнө байланыштуу ченемдик уруксат документтерин алууну жана ПИПтин бардык бөлүктөрүн улуттук экологиялык экспертизадан өткөрүүнү талап кылат. Ага кошумча, ЭСИП компаниянын дараметин жана ЭСКСти башкаруу тутумун күчөтүүнү, анын ичинде келишимдерге экологиялык жана социалдык талаптарды киргизүүнү; подрядчылар тарабынан курулуш, экологиялык жана социалдык маселелерди башкаруу планынын даярдалышын жана жүзөгө ашырылышын; о.э. Компания тарабынан подрядчыларга көзөмөлдү күчөтүүнү; расмий кадр саясатын иштеп чыгууну; кызыкдар тараптар менен кызматташууну күчөтүүнү; суу жоготууга жана суунун сапатына мониторинг жүргүзүүнү өркүндөтүү, жаңы лабораториялык жабдууларды колдонуу боюнча окууларды өткөрүүнү, таштандыларды башкарууну жакшыртуу менен саламаттык жана коопсуздук практикаларын киргизүүнү камтыйт. Учурдагы Кардардын экологиялык,  саламаттык жана  коопсуздук (ЭСК) потенциалынын төмөн экенин эске алыпганда, Долбоорду ишке ашыруу бөлүмүнүн (ДИБ) консультантынын ЭСИПти жүзөгө ашыруудагы ролу абдан маанилүү болот.

Долбоор үчүн Кызыкдар тараптарды катыштыруу пландары (ККП) жана техникалык эмес кыска маалымат (ТКМ) иштелип чыккан жана ачыкка чыгарылат. ЕРӨБ Компаниянын жылдык экологиялык жана социалдык отчетторун карап чыгуу жана зарылчылыкка жараша мониторинг жүргүзүү аркылуу, Долбоордун жана ЭСИПтин аткарылышын, ошондой эле компаниянын экологиялык жана социалдык көрсөткүчтөрүн көзөмөлдөйт.

## Техникалык кызматташуу

Ушул долбоордун алкагында төмөнкү техникалык кызматташтык (ТК) милдеттери каралган:
**Насыя келишимине кол коюуга чейин**

• Техникалык-экономикалык негиздеме жасоо, анын ичинде каржылык, техникалык, экологиялык жана социалдык шайкештикти кошуп. Бул максатка 160 000 АКШ доллары каралып, ЕРӨБдүн Акционерлеринин Атайын Фонду тарабынан каржыланган;

**Насыя келишимине кол коюудан кийин**

• Долбоорду ишке ашырууну колдоо. ТК Долбоорду ишке ашыруу бөлүмүнө инженердик долбоорлоо жана бекитүү, сатып алуулар, тендерлерди даярдоо жана баалоо, келишим түзүү жана башкаруу, каржылык көзөмөл, долбоорду башкаруу жана отчеттуулук маселеринде жардам берет. Бул максатка 400 000 евро каралып, аны Япония Өкмөтү каржылайт.

• Корпоративдик Өнүктүрүү жана Кызыкдар тараптарды катыштыруу программасы. Бул максатка 200 000 евро каралып, аны Япония Өкмөтү каржылайт.

## Кошумча чаралар

Банк азыркы учурда коммерциялык банктар бере албаган узак мөөнөттүү каржылоону камсыз кылат. Банк өзүнүн шарттуу кадамдары (мисалы, Сатып алуу саясаты жана эрежелери, ЭСИП, тарифтерди көтөрүү жана башка эрежелер) аркылуу Компанияга жогорку стандарттарга жетишүүгө колдоо көрсөтөт. Корпоративдик өнүктүрүү саясаты (КӨС) боюнча ТК Компаниянын институционалдык, операциялык жана каржылык дараметин чыңдайт. КӨС ТКнын алкагында, кардар, ошондой эле, долбоордун бир бөлүгү катары, ЕРӨБдүн аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу, инклюзивдүүлүктү жакшыртуу жана гендердик стандарттар боюнча тажрыйбасын колдонот.

## Компаниянын байланыш маалыматы

Замирбек Эсенбаевич Камалов мырза
электрондук дареги: vodokanalnookat@mail.ru
телефону: +996 555 9 89 421

# Өткөөл процесс боюнча  түшүндүрмө

ЕРӨБдүн өткөөл мезгилге таасир этүүгө карата мамилеси жөнүндө толук маалыматты бул жерден таба аласыздар.

# Ишкердик мүмкүнчүлүктөрү

Ишкердик мүмкүнчүлүктөрү жана сатып алуулар боюнча кардарлар үчүн компаниялар менен байланышыңыздар.

Ишкердик мүмкүнчүлүктөрү (сатып алууларга байланышпаган) боюнча ЕРӨБ менен байланышыңыздар же:

Тел: +44 20 7338 7168

Email: projectenquiries@ebrd.com

Мамлекеттик сектордун долбоорлору боюнча ЕРӨБдүн сатып алуулар боюнча сайтына кириңиз:
Тел: +44 20 7338 6794
Email: procurement@ebrd.com

## Жалпы маселелер

Конкреттүү суроо-талаптар ЕРӨБдүн суроо-талаптар формасы аркылуу берилет.

## Экологиялык жана социалдык саясат (ЭСС)

ЭССде жана Өндүрүмдүүлүк талаптарында (ӨТ) ЕРӨБ «экологиялык жактан негизделген жана туруктуу өнүктүрүүгө» көмөктөшүү боюнча өзүнүн милдеттемелерин аткаргандыгы тууралуу ыкмалар баяндалган. ЭСС менен ӨТ кардарлардын коомдук маалыматтар жана консультациялар тууралуу улуттук мыйзамдардын талаптарын сактоосу керектиги жөнүндө конкреттүү жоболорду, кызыкдар тараптардын, анын ичинде экологиялык көйгөйлөр, кардарлардын жана долбоордун социалдык натыйжалуулугу боюнча проблемалары менен арыздарын алуу жана аларды чечүүнү жеңилдетүү үчүн даттануулары кароо механизмдерин түзүүнү өзүнүн ичине камтыйт. Экологиялык жана социалдык тобокелчиликтердин мүнөзү жана масштабына жана долбоордун таасир этүүлөрүнө жараша ЕРӨБ өзүнүн кардарларынан зарыл болгон учурларда долбоорлорду жүзөгө ашыруунун жыйынтыгында келип чыга турган тобокелчиликтер менен таасирлер же кызыкдар тараптар менен маңыздуу консультацияларды

жүргүзүү, ошондой эле Кайтарым байланышты кароо жана ага реакция кылуу жөнүндө маалыматтарды ачыктоону кошумча талап кылат.

Бул жагдай тууралуу ЕРӨБдүн тажрыйбасы жөнүндө тагыраак маалыматтар ЭССде баяндалган.

## Бүтүндүк жана шайкештик

ЕРӨБдүн Ченемдик талаптардын сакталышы боюнча башкы кызматкердин кеңсеси (ЧТСБКК) Банктын баардык ишмердүүлүгүнө, мыкты эл аралык тажрыйбаларга ылайык, талаптагыдай башкарууга көмөктөшөт жана акниеттүүлүктүн эң мыкты стандарттарын колдонууну камсыз кылат. Акниеттүүлүк боюнча комплекстүү текшерүү долбоорлордун банк үчүн акниеттүүлүк менен репутациянын кабыл алынгыс тобокелчиликтерин сунуштабашын камсыздоо үчүн жүргүзүлөт. Банк долбоорду баалоону бекитүү этаптарында көйгөйлөрдү аныктоону жана чечүүнү банктык операциялардын бүтүндүгүн камсыздоодо ары натыйжалуу каражат деп эсептейт. ЧТСБКК мындай коргоочу шарттарда маанилүү ролду ойнойт, ошондой эле инвестиция кылгандан кийин долбоорлордогу бүтүндүүлүк тобокелчиликтерин көзөмөлдөөдө жардам берет.

ЧТСБКК ошондой эле ЕРӨБ тарабынан каржыланган долбоорлордогу алдамчылык, коррупция жана мыйзамсыз аракеттер жөнүндө билдирүүлөрдү иликтөөгө жооп берет. Банк ичиндеги, ошондой эле банк сыртындагы алдамчылыкка же коррупцияга шектелген адам compliance@ebrd.com электрондук дареги аркылуу көзөмөлдөө боюнча башкы кызматкерге жазуу жүзүндө отчет бериши керек. Жиберилген баардык материалдар кийинки кадамдарды көрүү үчүн ЧТСБККда каралат. Баардык отчеттор, анын ичинде анонимдүү берилгендери, каралат. Отчеттор банк колдонгон же анын ишмердүүлүгү жүргүзүлгөн өлкөлөрдүн каалаган тилдеринде түзүлүшү мүмкүн. Берилген маалыматтар таза, ишенимдүү болушу зарыл.

## Маалыматка жетүү саясаты (МЖС)

МЖС, 2020-жылдын 1-январынан тарта күчүнө киргенден кийин ЕРӨБдүн маалыматты кантип ачыктаарын жана өзүнүн стратегияларынан, саясаттарынан жана операцияларынан кабардар болуусу менен аларды түшүнүүсүн жогорулатуу максатында кызыкдар тараптар менен кантип кеңешерин аныктайт. ЕРӨБдүн веб-сайтына

кирүүгө мүмкүндүк алуу боюнча маалымат үчүн маалыматтык саясатка жетүү бетине кириңиз.

Маалымат алууга конкреттүү суроо-талаптарды ЕРӨБдүн суроо-талаптар формасы менен жөнөтүүгө болот.

# Көз карандысыз отчеттуулук механизми (ККОМ)

Эгер Кардар же Банк менен экологиялык, коомдук же социалдык көйгөйлөрдү чечүү боюнча аракеттер ийгиликтүү болбосо (маселен, Кардардын долбоор деңгээлиндеги даттанууларды кароо механизми аркылуу же Банк жетекчилиги менен түз сүйлөшүү аркылуу), жеке жактар жана уюмдар аларды тынчсыздандыргын маселелерди Көз карандысыз отчеттуулук механизми (ККОМ) аркылуу чечүүнү тандашы мүмкүн.

ККОМ долбоордун зыян келтирген (же зыян келтириши мүмкүн) деп эсептелген маселелерин өз алдынча карайт. Бул Механизмдин максаты маалыматтарды ачыктоодо, экологиялык, социалдык жана коомдук көйгөйлөрдү чечүүдө кызыкдар тараптардын ортосундагы диалогду колдоо; банк өзүнүн экологиялык жана социалдык саясаты менен маалыматка жетүү саясатынын долбоорго тиешелүү болгон жоболорун сактап же сактабай жатканын аныктоо; жана тиешелүү учурларда, бул саясаттардын сакталбаган жагдайларын четтетүү, ошол эле маалда келечекте Банктын саясаттардан четтөөсүнүн алдын алуу болуп саналат.

Көз карандысыз отчеттуулук механизминин веб-барагына кирип, биздин көз карандысыз купуя онлайн формабыз , электрондук почтабыз, почта же телефонубуз аркылуу Карап чыгууга арыз берүүнүнүн жолдору менен таанышууңузду суранабыз. ККОМ силерди тынчсынданткан маселелерди талкуулоого жана Долбоордун отчеттуулук саясаты менен Колдонмого ылайык арыз берүүгө жана карап чыгууга байланыштуу баардык суроолоруңарга жооп берүүгө даяр. Арыз берүүчүлөрдүн өтүнүчү боюнча алардын өздүгү жөнүндө маалымат купуя сакталат.